1. Н.М.Сокольникова.История Изобразительного Искусства. М.,2009.с.152.
2. Ю.Борев. Эстетика. М.,1975.с.22.
3. Н.М.Сокольникова. Основы Композиции.М.,1996.с.36.
4. Е.В.Шорохов. Копоция. М.,1979. с.12.
5. М.Т.Кузминой, Н.Л.Мальцева. История зарубежного искусства. М.,1983.с.32.

**Рецензент: ф.и.д., профессор Мукасов Ы.М.**

УДК:745

**Иманалиева С.М.**

*И.Арабаев атындагы КМУнун, көркөм маданият жана билим берүү факультетинин,"көркөм өнөр жана дизайн" кафедрасынын окутуучусу*

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЖАШОО-ТУРМУШУНДА КЕҢИРИ КОЛДОНУЛГАН БУЛГААРЫНЫ КӨРКӨМ ИШТЕТҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨ БААЛУУЛУКТАРЫ

*Ата-Бабаларыбыздын тарыхында кеңири белгилүү болгон, жашоо-турмушунда кеңири колдонулуп келе жаткан жана дуйнөлүк тарыхый баалуулуктары мурасы катары таанылып келе жаткан жыгач буюмдары жана тери буюм жана териден жасалган буюмдардын жаралуусундагы өзгөлүктөр. Аларды жаратуудагы иштөө ыкмалар, иштөө өзгөчөлүктөр жана иштөөдөгү жеке ар бир кесип ээсинин сырлары жөнүндөгү баалуулуктарын өздөштүрүдөгү илимий-теориялык кубулуштары жөнүндөгү маселери. Ошол эле баалуулуктардын жаралуусундагы эн бир жөнөкөй болгон иштөө ыкмалардан татаал болгон кубулуштарга карай жол алуу табышмактары жөнүндө ой толгоолор болду.*

**Түйүндүү сөздөр:** *Көркөм колдонмо өнөрү, булгаарыны иштетүү, зергерчилик, оймо-чийме, көркөм искусство; методика, педагогикалык практика ж.б.*

**Иманалиева С.М.**

преподаватель кафедры "ИЗО и дизайна" факультет искусства и образования
КГУ им. И.Арабаева

## ОСОБЕННОСТИ И ТВОРЧЕСКИЕ ВОЗМОЖНОСТИ ПРИ РАБОТЕ С КОЖЕЙ И ДЕКОРАТИВНО ХУДОЖЕСТВЕННОЕ НАПРАВЛЕНИЕ В ИСКУССТВЕ КЫРГЫЗСТАНА

*История человечества не раз доказало, что его существование на земле и деятельности которые были осуществленны своими же руками человечество очень велико. Особенно рукодельные творческие работы человечества в области искусства и в частности декоративно прикладного искусста, конечно же тут имеется в виду по отношению к мировому искусству, которое хранится в музеях мира не мало сделанные труды декоративно прикладного искусства. Целью исследования является выявление особенностей и тенденций развития декоративной обработки кожи, обоснование теоретических и научно-практических проблем и формирования в научных областях, эффективности и путей их развития на современном этапе. Для достижения поставленной цели в работе решены следующие задачи: изучение и анализ особенности исторического*

*развития обработки кожи в Кыргызстане и во всем мире; исследование особенностей кыргызского народно-прикладного искусства.*

**Ключевые слова:** *Декоративно прикладное искусство ; обработка кожи; методика преподавания; узоры; народное искуство; вышивка; вязание и т.д.*

**S. M. Imanalieva**

KSU them. I. Arabaeva, Faculty of Arts and Education, Department of "Fine Arts and Design", Teacher

## FEATURES AND CREATIVE POSSIBILTIES WHEN WORKING WITH LEATHER AND DECORATIVE AND ARTISTIC DIRECTION IN THE ART OF KYRGYSTAN

*the history of mankind is not proof, that its existence on Earth and the activities that were their own hands was humanity is very large especially handmade creative work of mankind in the field of art and in particular decorative and applied art, of course here is meant in relation to world art, which is stored in the museums of the world not made works of decorative and applied art. The aim of the study is to identify the characteristics and trends of development of decorative leather processing, substantiation of theoretical and scientific-practical problems and forming in scientific fields, effectiveness and ways of their development at the present stage To achieve this goal in the work covers the following tasks: research and analysis of features of the historical development of leather processing in Kyrgyzstan and worldwide; study of Kyrgyz applied arts.*

***Keywords:*** handy craft and folk art items; leather; teaching; patterns; folk art; embroidery knitting etc.

Илимий-техникалык прогресстин жетишкен учуру болуп турган жана биз жашап жаткан ушул доорубуздун убакытты баш ийдирген мезгилинде улуттук маданиятыбыздын уникалдуу асыл болуп бааланган мурастарын сактап калуу элибиздин муундан-муунга калтыруучу эң негизги илимий-теориялык эмгектик баалуулуктарынын бири болуп саналат. Анткени, учкул болгон өткөөл мезгилдин өтө тездик менен өтүп жаткан тынымсыз ритмдик жана динамикалык кубулуштарынын арасында өтүп бараткан тарыхый процесстердин ар түрдүүлүгү өтө көп кырдуу экендиги талаш-тартыштарды теориялык багыттарда гана эмес, жөнөкөй күнүмдүк жашоо-шарттарда да ар түрдүү болумуштун кубулуштары болуп турат эмеспи. Мына ошондой тархый окуялардын арсында  кандайдыр бир окуянын ордуна жаңы бир окуя богондой эле, искусствонун ар кандай багыттарындагы ар кандай предметтик, колдонмо-жасалга өнөрдүн иштөө-техникалык, иштөө-ыкма жана башка ар кандай элементтик образдардын жаралуусундагы иштөө мамилелеринин элеметардык иш-аракеттеринен баштап татаал кубулуштардагы иштөө ыкмалары, материалдык каражаттары, ошол эле материалдык каражаттарды даярдоо ыкмалары уламдан-улам өзгөрүп бараткандыгы,  Ата-Бабалардан калган чыгармачылыктын сырларын үйрөнүү менен катарда эле, ал сырларды сактап калуу  замандын талабы болуп турат. “Көркөм чыгарма жаратып жатып кандай гана материалдык каражат болбосун чыгармачылыктын негизинде өзгөчө бир сулуулуктагы жаңы бир образды жаратууга болот ”[1].

Кыргыз элинин жашоо турмушунда искусствонун түрлөрүнүн элдик көркөм кол өнөрчүлүгү багытында көбүрөөк алектенүүсү  улуттук масштабта кеңири жайылган багыт болуп калгандыгы баарыбызга маалым. Демек кол өнөчүлүк турмуштун жашоо-

болумушунда кадимки өнөр же болбосо негизги кажет табуу максатында да алектенүүсү белгилүү кубулуштардын бири. Андыктан Кыргыз элинин күнүмдүк жашоосунда колдонулган көптөгөн буюм-теримдери кол өнөрчүлүктөн жаралган оокаттар болуп саналат. Ал эми ошол буюм-теримдерди жраткан материалдык каражаттары мал-чарбачылыгынан келип чыккан пайдалуу заттар болуп саналат.Ал материалдык каражатар катарында мисалга алып санап өтө турган болсок: жүн, тери, кыл, сөөк же мүйүз жана башка ушул сыяктуу керектүү болгон каражаттар. Булардан башка өзүбүздүн тегерегибизде эле өсүп-өнгөн бак-дарактарды колдонуу менен да керектүү буюм-теримдер жана үй-оокаттык шаймандардын жасалуусу белгиленет.

Кыргызстанда, тагыраак айтканда Фрунзе шаарында биринчи жолу, белгилеп кеткенде 1979-жылы көркөм кол өнөрчүлүгү боюнча атайын кесиптик техникалык окуу жайы ачылган. Бул окуу жай жергебиздеги элдик көркөм кол өнөрчүлүгүн терең түшүнгөн жана атайын билимдүү деңээлде иштеп аракетт жасоочу кадрларды даярдап келе жатат. “Адам баласынын келечекте коомчулукка жеткилең билимдүү жана пайдалуу болуп тарбиялануусунда искусствонун ролу чоң ” [2].

Кыргыз элинин колдонмо-жасалга өнөрүнө: оймочулук, саймачылык, килем токуучулук, өрмөк согуучулук, бычып-тигүүчүлүк, чий чыгармачылыгы, ат жабдыктарын жасоо, териге ар кандай наар түшүрүүчүлүк (оймо-чийме, булгаары), зергерчилик, мүйүзчүлүк жана жыгаччылык, башкача айтканда терини жана жыгачты иштетүү багыттары, ошол багытар менен катар эле терини иштеттүү жана жүндү боёоодогу элибиздин көптөгөн жетишкендиктери белгилүү болуп келүүдө.

Бүгүнкү күндө Кыргыз элинин элдик көркөм кол өнөрчүлүгү бир канча багыттарда кеңири өсүп-өнүгүп келүүдө. Мисалы айрымдарын санап өтө турган болсок, анда бул багытта төмөнкү багыттарды белгилөөгө болот:

1) Ар бир айылдык жашоо турмуш шарттарында кеңири колдонулуп келе жаткан элдик буюм-теримдеринин жыгачтан жасалуусу.

2) Ошол эле үй-трүүчүлүктө колдонулуп келе жаткан буюм-теримдердин териден жасалуусу болуп саналат.

3) Чийди иштеттүү, башкача айтканда чий ороо (атайын алдын ала даяралган эскиздик чыгарманын жардамы менен).

4) Килем, таар жана гобелен токуу (ковровая вышивка).

5) Сайма сайуу техникалык иштөө ыкмалары менен жаратылуучу чыгармалар жана башка ушул сыяктуу эмгектерди жаратуу маселелери.

Албетте Кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү ар бир облусунун, а айрым бир жерлеринде райондорунун элдик кол өнөрчүлүгүндөгү иштөө өзгөчөлүктөрү бар. Ал өзгөчөлүктөр колдо жасалган даяр эмгектерден байкалып турат. Атап айткан өзгөчөлүктөр кадимки эле сайма сайууларынан да байкалат. Ал эми ат жабдыктарын жасоодо, таар жана кездеме токуу өнөчүлүктөрүндө айырмачылыктар өтө деле көп эместей көрүнөт жана башка ушул өңдөнгөн кубулуштарды байкоого болот.

Булгаары-элдик көркөм кол өнөрчүлүгүнүн жердиги болуп саналат. Көркөм буюм жасонун жана терини иштетүүнүн ийкемдүү түрү катары белгилүү. Бул багытында азыр тери менен иштеген кол өнөрчүлөргө жеңил болуп калгандыгы өлкөбүздөгү тери заводунун иштеп туруусу менен мүнөздөлөт. Илгери Ата-Бабаларыбыз ар кандай иштөө, даярдоо ыкмалары менен терини жыдытып жана сыйрып дегендей сыяктуу жолдору менен даярдап

келген. Даяр болгон терини иштетүүдөн ашкана, тамак-аш буюмдары катары колдонулуучу буюм-теримдерин жасоого колдоно албайбыз. Ошондуктан бул багытта дале болсо Ата-Бабалардын терини иштетүү ыкмаларын колдонууга туура келет.

Теринин атап өткөн өзгөчөлүгүнө карабай, андан чыгарма жаратуда, буюм жасоодо, кол менен бастырып кандайдыр бир оймо чийме түшүрүдө ар кандай көлөмдүк көрүнүштөрдөгү атайын даярдалган аспаптар колдонулат. Адамзаттын тарыхында кол өнөрчүлүгү менен алектенген жана ошол эле жыгач, тери өндөнгөн материалдык каражаттарын колдонуп ар кандай буюм-теримдик заттарды жасоо Кыргыз элинде гана эмес албетте дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө да колдонуп, терини жана жыгачты иштетип келе жатышкандыгы тарыхый булактардан улам барыбызга маалым. Бирок албетте менин белгилеп жана изилдөөгө алгым келген багытым Кыргыз искусствосунун кол өнөрчүлүгүнүн багытындагы терини иштетүүнүн өзгөчөлүгү болуп саналат, ошону менен бир катарда өзгөчө улуттук мүнөздөрдөгү айырмачылыктарга жана баалуулуктарына ээ болот. Ал эми ар бир доордун жашап өткөн элдери тарабынан бааланган өз чыгармалары, эмгектери жана ошол эмгтерди аткарган чыгармачыл инсандары болот. Азыркы улуттук, элдик, этностук өзгөчөлүктөрү ар кандай болгон тарыхый баалуулуктарын баалап алчу оор кырдаалдарда ар бир улуттун өзүнүн кол өнөрчүлүгү жана жашоо-турмушунда колдонулуп келген жөнөкөй эле болуп көрүнгөн ар кандай жашоо шартык оокатары, үй-тирүүчүлүктүк шаймандары, кийим-кечелери жана башка ар кандай колдонмо оокаттарынын жасалуусундагы өнөрдүк жана чыгармачылыктын өзгөчө баалуулуктарын ачып чыгуу, алардын сырларын изилдеп муундан-муунга өткөрүп берүү өтө чоң илимий-теориялык эмгектерди талап кылаары анык эле көрүнүп турган кубулуштары катары белгиленип жана алар баалуулук катары болот. Демек адамзаттын али да болсо баалап алчу маселелери көп жана ал маселелердин көпчүлүгү искусствонун ичинде жаткандай түйүлөт. Адамзат өз жашоо турмушунда өтө көптөн эмпирикалык изилөөлөрдү камтыган коллективдүү жана жеке изденүүнү талап кылган байкоолорду жүргүзүү менен көптөгөн тажрыйбаларга ээ болуп келүүдө.

Бул макалада атап өткөн тарыхый доорлордун көркөм маданият жана көркөм искусствосундагы эң маанилүү деп эсептелген баалуулуктарына маани берип, коомдогу болуп жаткан окуялары жана идеологиялык баскычтарын ачык көрсөтүп, көркөм искусство багытында билип алуу үчүн кыргыз тилинде окуган студенттер жана жалпы эле искусство сүйүүчүлөрүнө арналган эмгектерди жаратуу зарыл. ”Көркөм искусство чыгармачылыгындагы образ жаратуу маселеси, көлөм жаратуу, композиция түзүү адам баласынын кандайдыр бир багыттагы ой жүгүртүү формасы болуп калмакчы” [3].

Жогоруда белгиленип кеткен тарыхый доорлордун көркөм маданият жана көркөм искусствосун изилдеп жатып жана ал багыттарды кеңири изилдеп, маалымат берип, кандай суроолор менен кайрадан билим деңгээлди текшерип алуу керек болуп келүүдө. Демек кол өнөрчүлүгүн изилдөө менен бирге аны жазуунун багыттык темалары белгиленүүсү керек.

Бул окуу макалада искусство багытындагы кыргыз элинин терини иштетүүсү боюнча жасаган эмгектерин эне тилинде изилдөө жүргүзүүгө атайын илимий багытт катары иш-аракеттердин көрүлүүсү керек экендигине маани берилди. Ошол эле мезгилде эне тилибизде билим берген жогорку окуу жайлар, училища, колледж жана мектептер үчүн өтө пайдалуу болгон илимий изилдөөлөр али да болсо жетишсиз, - деп эсептээр элем.

Окуу китептерддин дале болсо орус тилдеринде болуусу өкүнүчтүү. Жалпысынан бул багыттарда өтө терең болгон изилдөөлөр керек жана ошол изилдөөлөргө кайрадан баа

берилип, искусствонун ар бир багытына терең маани берип, ар бир чыгарманын маанисин ачып, өзгөчө териден жасалган же башкача айтканда аткарылган эмгектерди таразага салып, бирок ошол эле мезгилде терең изилдөөгө алынынышы замандын талабы эмеспи. Ойлорубузду жалпылап келгенде искусствонун бир бутагын түзгөн колдонмо кол өнөрчүлүгү жана анын алкагындагы терини иштетүүнүн тарыхы, иштөө жолдору, иштөө манералары жана алардын педагогикалык билим берүү жаатында колдонулуусу өзөчө бир кубулуштардан турган изилдөөлөрдү талап кылат. Демек биздин искусствонун тармагы болгон терини иштетүүнүн жолдорун изилдөө, чыгармачылыктан жаралган чыгармаларга эстетикалык жактан баа берүүбүздүн негизги максаты илимий педагокалык багыттагы тематикалык пландарды, талаптарды, суроо-жооп, окутуп билим берүү жана үйрөтүү, атайын пайдалуу сунуштарды киргизүү менен бирге эле билим берүүдөгү кызыктуу кубулуштарды жаратуу болмокчу. ”Өз кезегинде искусство багытында билим берген ар бир мугалим үчүн окуу методикалык көргөзмө илимий теориялык жазмалар болуусу шарт”[5]. Албетте, кандайдыр бир макаланын же бир окуу методикалык көгөзмөнүн дннгээлинде бардык материалдык баалуулуктарды ачып чыгуу мүмкүн эмес. А бирок ошондой болсо да жалпы багытагы илимий теориялык жана илимий практикалык баалуулуктарга ой жүгүртулдү. ”Балдарга тарбия берүүдөгү эң алгачкы максат, атайын багыттык кесип боюнча билим берүү, -бул атайын багытталган жана жигердүү эмгектенүүнү талап кылган педагогикалык окуу процесстеринен турат”[5].

Жыйынтыктай келгенде Кыргыз колдонмо көркөм өнөрүндө өтө көп ачып жана баалап чыкчу материалдык да жана руханий баалуулуктар катарына кирчү сырлар жаткандыгы маалым болду.

Ошондуктан эгерде бүгүн биз ар бир чыгармага туура баа берип, ошол эле мезгилде илимий-теориялык баалай билбесек анда биз келечек муундун алдында өтө чоң күнөөгө баткан болуп калабыз. Андыктан илимди баалап сүйгөн ар бир инсандын илиий-теориялык чыгармачылыгына ийгилик гана каалап, материалдык жактан жардам бере албасак да жок дегенде сөз менен жардам берип, колдон келсе ”бут тоспой жашасак”, -абдан чооң эмгек жасаган болоор элек да....

**Колдонулган адабияттар:**


1. Н.М.Сокольникова. Основы Композиции.М.,1998.стр.44.
2. А.В.Петровский. Психология развивающегося личности.М.,1987.стр.157.
3. Юрий Борев. Эстетика. М.,1975.стр.75.
4. У.А.Закиров. Сүрөт.Б.,2014.бет.9.
5. Ю.К.Бабанский. Педагогика.М.,1998.стр.9.


**Рецензенти: п.и.к., доцент, ардактуу профессор Токсомбаева Э.Т.**

УДК 947.1 (575.2): 322.8

**Куттубекова В.М., Өмүрбеков Ч.К.**

ага окутуучу, И.Раззаков атындагы КМТУ,

т.и.к., доцент, Эл аралык илим жана бизнес университети